Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги

# КЫРГЫЗСТАНДА ТАБИГЫЙ КЫРСЫКТАРДЫН КООПТУУЛУГУН АЗАЙТУУ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУНУН ПРАКТИКАЛЫК ТАЖРЫЙБАСЫ



ЖЫЙНАК



Кыргызстанда табигый кырсыктардын кооптуулугун азайтуу программаларын жүзөгө ашыруунун практикалык тажрыйбасы. – Б.: “Триада” басмаканасы, 2011-12 б.

Жыйнакта Европа Комиссиясынын Гуманитардык жардам көрсөтүү боюнча департаментинин (ECHO) финансылык колдоосу менен БУУнун Балдар фондусу, MSDSP KG, “Save the Children” тарабынан 2010-жылдын 01-июнунан 2011-жылдын 31-августуна чейинки мезгилде жүзөгө ашырылган кырсыктардын коркунучтарын төмөндөтүү боюнча долбоорлордун жетишкендикери, алган сабактары, практикалык тажрыйбасы жөнүндөгү маалыматтар берилген.

Бул документте айтылган ойлор БУУнун Балдар фондунун (ЮНИСЕФтин) саясатын жана көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.

Сырткы беттеги сүрөттөр: © UNICEF / Кыргызстан / Гонзало Белл.

© UNICEF, 2011.

## «Шамалдар өрөөнүнүн» балдары өзгөчө кырдаалдарга даяр!

Кыргызстандын түштүгүндө, Баткен облусунда пилоттук долбоор жүргүзүлүп, анын алкагында балдарга өзгөчө кырдаал убагында коопсуз аракет жасоо ыкмалары үйрөтүлүп жатат. Бул көндүмдөрдү бөбөктөр бала бакчадан баштап эле өздөштүрө бергени оң.

### Жакыр жамааттардын кырсыктан сактанышы: биргелешип коргонолу

2010-жылы сентябрдын аягында ЮНИСЕФ жана Европа комиссиясы «Борбор Азиядагы жакыр жамааттардын жана билим берүү мекемелеринин кырсыкка кабылуу коркунучун азайтуу боюнча ишмердикти колдоо» долбоорун жүзөгө ашыра баштады. Долбоор Кыргызстандын түштүгүндө ишке ашырылууда.

***Долбоордун максаты:***

Өзгөчө кырдаалдын (ӨК) алдын алуу, ӨКда чара көрүү жана анын кесепетин жоюу боюнча балдардын билимин жана көндүмдөрүн жакшыртуу аркылуу коопсуз жүрүм-турум маданиятын жогорулатуу.

Кыргызстандын бүтүндөй аймагында табигый да, техногендик да мүнөздөгү өзгөче кырдаалдар көп болот. Бирок бул долбоорду Баткен жана Лейлек райондорунда жүзөгө ашыруу керек деп чечилди, анткени дал ушул чөлкөмдө сел жана жер титирөө сыяктуу бөөдө кырсыктар көп кайталанат. Сел Кыргызстандын аймагында эң көп кездешүүчү табигый кырсык болуп саналат.

ӨКМ маалыматына ылайык, соңку 20 жыл ичинде ар түрдүү мүнөздөгү 3689 өзгөчө кырдаал катталып, анын 1077син сел түзөт. Андан кийинки орунда суу ташкыны турат, ал 449 ирет кайталанган. Бул экөөнүн ортосундагы эле айырма ушунчалык чоң. 2000-жылдан 2010-жылга чейинки мезгилде селден 669 киши набыт болгон (андан кийинки орунда турган кар көчкүдөн 262, үчүнчүсү – эң ири өрт кырсыгынан 252 киши курман болгон).

Баткен облусунун өзүндө бардык катталган өзгөчө кырдаалдардын ичинен 58,5 пайызы сел жана суу ташкындарына туура келет.

(фамилия жазылат) … үй-бүлөсү: атасы, энеси, кызы жана уулу… Заматта баары катуу жааган жаанга туруштук бере албай кыйраган үйдүн астында калышты. Дубалы чоподон курулган, үстү суу өткөрбөгөн кездемеден жабылган үй түнкү нөшөрдө кутүүсүздөн урап түштү. Эч кимиси аман калган жок.

*- ЮНИСЕФ буга чейин ушул райондордо балдарды эртелеп жетилтүү программасы боюнча иш жүргүзүп келген эле,* - дейт ЮНИСЕФтин DIPECHO долбоорунун координатору Татьяна Тен. – *Биздин агенттик жамааттык бала бакчаларды ачууга жардам берген. Бакчалар бардык зарыл жабдуулар менен камсыздалды, тарбиячыларды окутуп-үйрөтүү ишке ашырылды.*

ЮНИСЕФ Баткен жана Лейлек райондорунда жамааттык типтеги 20 бала бакчаны жана мектепке чейин даярдоочу 18 классты ачууга колдоо көрсөттү. Жергиликтүү бийлик органдары тийиштүү жайларды бөлүп беришти, алар ЮНИСЕФ тарабынан балдардын жакшы окуусу жана тарбияланышы үчүн зарыл болгон бардык заманбап жабдуулар менен камсыздалды. Бакча кызматкерлери (педагогдор, тарбиячылар, деректирлер) кенже жана мектепке чейинки курактагы балдарды интерактивдүү окутуу усулдары боюнча окуудан өтүштү.

Татьяна Тендин айтуусунда, мектепке чейинки мекемелердин коопсуздугуна байланышкан маселелер канчалык олуттуу болсо да, булар менен эч ким алектенген эмес. Ошондуктан ЮНИСЕФтин жана Европа комиссиясынын «Борбор Азиядагы бечара коомдоштуктарда жана билим берүү мекемелеринде кырсык тобокелдигин азайтуу» долбоору ушул бала бакчалардын өзгөчө кырдаалдагы коопсуздугун камсыздоого багытталды.

*– Биздин долбоор пилоттук (сынак) негизде жүргүзүлүүдө,* - деп сөзүн улантты Татьяна Тен. – *Бирок биз бул ишти кеңири жайылтып, алгылыктуу тажрыйбаны өлкөбүздүн башка аймактарында да колдонобуз деп үмүттөнөбүз.*

Балдардын коопсуз жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган коопсуздукту камсыздоо+кырсыктардын алдын алуу программасы деген эмне?

- атайын иштелип чыккан «ӨК мезгилиндеги балдардын коопсуздугу» усулдук комплекси;
- мектепке чейинки курактагы балдар үчүн окутуп-үйрөтүүчү материалдар (китепчелер, плакаттар, боёмо дептерлер);
- 10 сериялуу «Керемет көч» мультфильмдер сериясы (өндүрүшкө чыгарылган).

### Эмне үчүн балдарды үйрөтөбүз?

Өзгөчө кырдаалдар ушунчалык олуттуу болгондуктан, биринчи кезекте чоңдордун

сабаттуулугун арттыруу зарыл десек жаңылышпайбыз. Себеби алар бардыгы үчүн: курулуштун сапаты, зыяндын алдын алуу, бөөдө кырсык учурундагы жана андан кийинки балдардын жүрүм-туруму үчүн жооп берет эмеспи. Бирок ЮНИСЕФтин эксперттеринин пикири башкача. Алар таянган жүйөлөр да кыйла салмактуу.



© UNICEF / Кыргызстан / Гонзало Белл

Тажрыйба көрсөткөндөй, өзгөчө кырдаалдар учурунда балдар эң алсыз, аялуу абалга туш болушат. Ошондуктан алар көп жабыр тартышат. Жаш курагына жараша алар жаңы нерселерди бат кабылдашат, дилгирлик менен окуп-үйрөнүшөт, билгендерин жакын туугандарына жана теңтуштарына дароо эле айтып беришет. Демек, жакшы окуп-үйрөнүп, терең түшүнгөн бала билгендерин башкаларга үйрөтө алат, эч болбосо, айтып бериши мүмкүн. Окутуунун мындай ыкмасы узак мөөнөттүү натыйжаларды берет: бала чакта алынган көндүмдөр эсте бекем сакталат да, адам билгендерин кийин өзүнүн балдарына жана жакындарына бере алат. Башкача айтканда, коопсуз жашоо негиздерин ушундай ыкма менен окутуп-үйрөтүү абдан натыйжалуу жана узак мөөнөткө жеткидей таасирдүү салым болуп саналат.



© UNICEF / Кыргызстан / Гонзало Белл

Мындан тышкары, мектепке чейинки билимге мүмкүн болушунча көбүрөөк баланы тартууга аракеттенген мамлекет көп учурларда балдар мекемелеринин имараттарынын коопсуздугун зарыл деңгээлде камсыздай албай калаары белгилүү. Мунун себеби имараттардын эскилигинде эле эмес, балдардын көптүгүндө: дүрбөлөң түшкөн чакта алардын ар бирине көз салуу өтө кыйын.

Долбоорго Баткен районунан даярдоочу 11 класс жана 13 бала бакча (бардыгы болуп 1017 бала), Лейлек районунан 7 даярдоочу класс жана 7 жамааттык бакча (700 бала) камтылды.

## Пайдалуу… тууроо

Баткендеги жана Лейлектеги бакчаларда балдар 3 жашынан тартып тууроо оюндарын ойношот. Бул ар кандай коркунучтуу кырдаалдардагы жүрүм-турум эрежелерин кылдат өздөштүрүү дегенди билдирет. Жер титирөө же суу ташкыны сыяктуу кырсык учурунда адам канчалык туура аракет жасаса, ал өзүн да, жакындарын да аман алып калууга ошончолук көп мүмкүнчүлүк алат, зыян да азыраак болот.



© UNICEF / Кыргызстан / Гонзало Белл

Долбоордун башталышында эксперттер «калктын муктаждыктарына жараша» принциби боюнча окуп-үйрөнүүгө кызыктыруу үчүн бакчаларда иштегендердин өздөрүнө кайрылышты. Тарбиячылар курчап турган чөйрөдөгү кооптуу жагдайларды өздөрү аныкташты.

**Көрсө, жашоочулар өздөрү негизги үч коопту жагдайга көңүл бурушат экен.**

Баарынан коркунучтуусу – сел. 2011-жылы 12-июнда Баткенде болгон сел кырсыгы эки баланы алып кеткендигин эстесек эле, мунун канчалык коркунучтуулугун түшүнөбүз. Лейлекте үйлөр катуу зыянга учурады. Сел агымы ушунчалык күчтүү болгондуктан, буруп кетүүчү каналдарга батпай, ашып кетти. Сел агымынын калыңдыгы 6-7 метрге жетип, бардык үйлөрдү каптаган. Бардык эле сел кырсыгы нөшөрлөгөн жамгырдан кийин башталарын эске алып, катуу жаан коркунучтун башкы белгиси болорун айтышты.

Самаркандек айылынын тургуну Нургүлдүн үй-бүлөсү да кырсыктан жабыр тартты. 3-5 метрдей калың сел агымы 14 жана 16 жаштагы эки жээнин агызып кетти. Мындай кайгыны эч кимдин башына салбасын, -дешет Нургүл жана анын туугандары.

*«Окутуп-үйрөтүүдөн өткөнгө чейин өзгөчө кырдаал учурунда эмне кылууну*



© UNICEF / Кыргызстан / Гонзало Белл

*билчү эмесмин,* - дейт 36 жаштагы аял. – *Жер титирегенде коркконумдан ордумдан жыла албай калганым эсимде. Ошондо кудай сактаган эле, бул ирет оор кайгыга туш келдик…».*

Нургүл ЮНИСЕФтин бөөдө кырсыктардын кооптуулугун азайтуу боюнча тренингине катышты.

*«Мен балдарымдын коопсуздугу үчүн жоопкерчилигимди мурдагыдан жакшыраак билип калдым,* - дейт ал. – *Кошуналарыма, ата-энеме, досторума жаан катуу жааганда балдарды тышка чыгарбагыла деп айтам. Балдарыма өзгөчө кырдаалда эмне кылуу керектигин үйрөтөм. Эми балдарым күн күркүрөгөндө, булуттар калыңдап баратканда дароо үйгө чуркашат».*

*«Мен селден корком,* - деп чынын айтты кырсыкты өз көзү менен көргөн жети жашар Тилек. – *Тыныбек досум ойногону бараткан эле, күтүүсүздөн сел келди. Ал күңүрт ылай шарылдап агып келгенин укпады… Сел аны агызып жөнөдү эле, тактайга жармашты. Тыныбек ыйлап, жардамга чакырып бакырып жатты. Аны агасы Бектурган сактап калды».*

Экинчи бир чоң коркунуч катары тургундар жер титирөөнү аташты. Жакынкы мезгилге чейин Баткен облусунун аймагында катуу жер титирөө боло элек, бирок 3-4 баллдык титирөө дайыма болуп турат. Баткендиктер буга көнүп калгандыктан, кээде байкабай да калышат. Ошентсе да, жер титирөөнүн кесепети оор болору жалпыга белгилүү.

Соңку окуя: 2011-жылы 20-июлда Баткен облусунда үч республикага бирдей сезилген катуу жер титирөө болду. Силкинүү күчү чордондун өзүндө (эпицентрде) – Баткенден 52 чакырым алыстыкта – 7-8 баллга жетти. Үйлөр кыйрады. Кошуна Өзбекстанда 13 киши курман болду. Алдын ала эсептөөлөр боюнча, бул жер титирөө 414 миллион сомго жакын өлчөмдө зыян келтирген.

*«Жакында жер титиреди,* - деп баяндайт лейлектик 52 жаштагы Акзирет аттуу аял. – *Түн ортосу эле. Шам жактым, анан күтүүсүздөн эле балдарым жаткан жерге шып урап түшө баштады. Бурчка жашына калганыбыз жакшы болду. Ошентип таң атырдык».*

Программалык-усулдук комплекстин темалары:

| | |
|---|---|
| • Жер титирөө;<br>• Суу ташкыны;<br>• Сел, жер көчкү;<br>• Кар көчкү;<br>• Бороон-чапкын (катуу шамал, борошо);<br>• Суудагы коопсуздук;<br>• Үйдөгү коопсуз жүрүм-турум; | • Тиричиликтеги өрт;<br>• Жолдогу коопсуздук;<br>• ӨК кесепети жана жаракат, уулануу коркунучу;<br>• ӨК кесепети (аптапта жабыркоо, үшүк чалуу, курт-кумурскага чактырып же жаныбарларга тиштетип алуу) жана аларды азайтуу;<br>• Коомдук жайлардагы коопсуздук. |



© UNICEF / Кыргызстан / Гонзало Белл

Үчүнчү коркунуч катары бороон-чапкынды эсептешет. Катуу шамал бул тарапта көп болуп турат (бекеринен бул аймак «Баткен» - «шамал өрөөнү» деп аталбаган окшойт). Шамалдын күчү ушунчалык катуу болгондуктан, кээде үйлөрдүн чатырын учуруп, имараттарга эле зыян келтирбестен, адамдарды да оор жаракатка дуушар кылат.

Дал ушул кырсыктарга тренинг убагында эксперттер көбүрөөк көңүл бурушту. Тренингдин тематикасы кыйла кеңири болгонун да айта кетели. Мында атүгүл тиричилик маселелери (мисалы, көчөдөгү жүрүм-турум) да сөзгө алынды. Үшүк чалганда, курт-кумурска чакканда, медициналык жардам берүү жайы өтө алыс болсо, эмне кылуу керек дегендей суроолор да талкууланды.

## Кыйынчылыктарды жеңип өтүүдөбүз

Долбоорду жүзөгө ашыруу оңой болгон жок. Ош коогалаңынан кийин бардык күч-аракеттерди, мунун ичинен ЮНИСЕФтин да каражаттарын бүт бойдон шашылыш түрдө гуманитардык жардамга жумшоо зарыл болгондуктан, ишти башында болжолдогондой 2010-жылы 1-июнда эмес, бир нече ай кечирээк – сентябрдын аяк ченинде баштоого туура келди.

Убакыттын тартыштыгы да кедергисин тийгизди. «Мектепке чейинки баланын өзгөче кырдаал учурундагы коопсуздугу» жаңы программалык-усулдук комплексин, ошондой эле коопсуз жүрүм-турум боюнча бардык зарыл окуу материалдарын иштеп чыгуу зарыл болду. Мунун баарын мүмкүн болушунча тезирээк аткарууга туура келди, анткени жылдын ар бир мезгилинде сел пайда кылуучу нөшөр, кар көчкү сыяктуу кырсыктар болуп турат эмеспи. Ал эми жер титирөө каалагандай учурда башталып, апаатка себеп болушу ыктымал. Убакытты текке кетирбеш керек эле. Анын үстүнө, долбоордун мөөнөтү да кыска болчу (18 айга эсептелген жумуштарды кеч баштагандыктан, 11 айда бүтүрүүгө туура келди).

Албетте, бул жагдайлар программалык-усулдук комплексти жана балдар үчүн көргөзмө куралдарды иштеп чыгууга таасирин тийгизди. Тажрыйба көрсөткөндөй, тийиштүү материалдарды иштеп чыгууга, сынактан өткөрүүгө жана толуктап иштөөгө кыйла көбүрөөк убакыт талап кылынат экен. Ошентсе да, адистер өз милдетин татыктуу жана так аткарышты.

Бирок программалык-усулдук комплекстин аргасыздан кечиктирилип иштелиши педагогдордун ал боюнча окутуп-үйрөтүү иштерин жүргүзүүсүнө да таасирин тийгизбей койгон жок. Алар бир айдан ашуун убакыт кечигип башташты. Тийиштүү түрдө педагогдор бул иштерди балдар июль айында каникулга тарап кеткенге чейин аткарып үлгүрүүгө шашылышты.

## Натыйжалар

Долбоорду жүзөгө ашырууга ушунчалык аз убакыт калса да, натыйжалары жакшы болду.

Эң башкысы, коопсуздук тобокелдигине тиешелүү маселелерди 2012-2020-жылдарга карата иштелип чыгып жаткан Улуттук билим берүү программасына киргизүүгө жетишилди. Мектепке чейинки билим стандарттарында

да бул маселе чагылдырылды. ЮНИСЕФтин колдоосу менен билим берүү мекемелеринин коопсуздугун баалоо методологиясы да иштелип чыкты. Бул усулду билим берүү мекемелеринин коопсуздугун баалоодо колдонсо, республикадагы мектептер менен бала бакчалардын коопсуздугу иш жүзүндө кандай экендигин көрүүгө болот. Баалоо натыйжалары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө билим берүү мекемелеринин коопсуздугун камсыздоо жана бул программаны жүзөгө ашырууга демөөрчү уюмдарды тартуу боюнча программаны иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет.

*«Мурда биз эч нерсени билчү эмеспиз,* - дейт Бактыгүл, - *коркунучтан кантип сактануу керектигин эч ким бизге түшүндүрчү эмес. Оор кырсыкты баштан кечиргенден кийин адамдар сактык чараларын ойлой баштады. Бизге ЮНИСЕФ жардам берип жатат: окутуп-үйрөтүп, коркунучту азайтуу үчүн материалдык жактан көмөктөшүүдө. Биз абдан пайдалуу билим алдык. Эми билгендерибизди жолугушууларда, чогулуштарда, майрамдарда бири-бирибизге айтабыз. Бул өтө баалуу тажрыйба. Күндөн-күнгө көз карашыбыз, ар кандай кырсыкка карата мамилебиз өзгөрүп баратат. Адамдар сактык чараларын көрүү зарылдыгын түшүнө баштады».*

Мындан тышкары, долбоордун алкагында пилоттук райондордо (Баткенде жана…) жамааттык бакчалар жайгашкан имараттардын абалына баа берилди. Ошондой эле ал имараттарды бекемдөө боюнча нускамалар сунушталды. Бул милдет ЖӨБ жана коомдоштуктардын өздөрүнө жүктөлөт.

Ошентип, ЮНИСЕФ Баткен жана Лейлек райондорундагы 38 бакчанын имаратын иликтеп чыкты. Имараттардын жер титирөөгө туруштук берүү мүмкүнчүлүгү, өрт коопсуздугу, табигый кырсыктарга карата коопсуздук жагынан иш жүзүндөгү жана техникалык абалы бааланды. Иликтөө натыйжасында такталган жагдайлар бул имараттардын өзгөчө кырдаалдардын учурунда канчалык кооптуу болушу мүмкүн экендигин даана көрсөтөт.

Бул имараттардын баары ашар жолу менен курулган. Албетте, тез арада четтетилиши зарыл болгон кемчиликтери бар. Мисалы, жаан жана кар суусун агызып кетүүчү атайын арыктар жок, имараттардын долбоорлоо жана аткаруу документтери да жайында эмес. Ошондуктан имараттардын планы кандай экендигин, жалпы мүнөздөмөсүн, үй тургузулган жердин кыртышын, пайдубалынын канчалык терең салынгандыгын, жер алдындагы суулардын деңгээлин эч ким билбейт. Көптөгөн бала бакчаларда жана даярдоо класстарында өрткө каршы калкалар, өрт өчүргүчтөр жана эвакуациялоо планы жок. Булар айрым мектептерге караштуу даярдоо класстарында гана бар. Кээ бир мектепке чейинки мекеме имараттарында электр зымдары ачылып калган, бул өтө коркунучтуу. Бакчалар тосмолонбогон темир мештер менен жылытылат, түтүн тартуучу морлору чатырдын же устундардын астында калган. Мектепке чейинки мекеме имараттарынын көбүндө суу менен жабдуу тутуму жок.

Дээрлик бардык имараттар азыркы сейсмикалык (СНиП) жана өртө каршы ченемдерге туура келбейт. Айтмакчы, мындай жагдай түштүктөгү калктуу конуштардын бардык курулмаларына мүнөздүү.

Иликтенген 38 мектепке чейинки билим мекемесинин имаратынан СНиП 22 -01-98 классификациясы боюнча:

9 мектеп 9.6-топто «бир аз начарларга» кирет;

9 мектеп 9.3-топто «бир аз начарларга» кирет;

8 мектеп 9.2-топто «бир аз начарларга» кирет;

6 мектеп 9.4-топто «начарларга» кирет;

4 мектеп 9.7-топто «бекемдерге» кирет»;

2өө 2.3-топто «начарларга» кирет.

Максаттык бала бакчаларды мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарга карата даярдоо иш чаралары аяктап калды. Долбоордун алкагында алар өрткө каршы жана өзгөчө кырдаалдын кесепетин жоюу үчүн зарыл буюмдар (өрт калкалары, дары-дармек кутучалары) менен жабдылууда. Баткен жана Лейлек райондорундагы 20 бала бакчанын ону өрттү автоматтык түрдө кабарлоо тутуму менен жабдылды.

Евразия Комиссиясынын каражаттарына ЮНИСЕФ мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарга карата санитария жана гигиена буюмдарын сатып алды. Ош жана Жалал-Абад облустарындагы жабыр тарткан калкты таза суу менен камсыздоо жагынан да кам көрдү. Бул үчүн 100 миң АКШ долларынан ашуун акча каражатына суу идиштери, зыянсыздандыруучу каражаттар сатып алынды. Аталган камдыктардын бир бөлүгү жабыр таркан калкка таратылды, калганы мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарда колдонуу үчүн атайын кампаларда сакталып турат.

Бирок эң башкысы – буга чейин «канчалык сактансак да, баары бир тагдыр башка салганды көрөбүз» деп жүргөн адамдардын мамилеси өзгөрдү.

*«Маңдайыңа жазылганды көрбөй калбайсың, аны өзгөртө да албайсың дегендер бар,* - дейт 22 жаштагы Орунгүл. – *Бирок эми коопсуздук эрежелерин сактай билсек, тагдырыбыз жаман болбостугун мен анык билем. Кудай да сактанганды сактайт эмеспи».*

Бул маселелер боюнча мугалимдердин да, балдардын да билим деңгээли мурдагыдан байып, кыйла тереңдеди.

*«Мен Гүлжанмын, алты жаштамын,* - дейт бөбөк. – *Сел эмне экенин билем: ал үйлөрдү каптап кетет, дүкөндөрдөгү буюмдарды агызат, коркунучтуу доошу бар. Бир жолу мен үйдө ата-энем менен отурганымды катуу жаан жаап, сел башталган. Ошондон кийин мен кичинекей балдар көчөдө жүрө бербеши керектигин билип калдым. Ары-бери чуркай берген да кооптуу. Чуңкурларга жашынууга болбойт – тескерисинче, дөңгө чыгуу керек».*

Анын курдашы Айнагүл да селди көргөнүн айтты. Үйүбүзгө жакын сел көп жолу өткөн жер бар дейт ал.

*«Сел койлорду жана кичинекей балдарды агызып кетиши мүмкүн,* - дейт ал. – *Сел келгенде дөбөгө качуу керек, жер титирегенде столдун астына жашынуу же сыртка чыгуу керек. Дарактын түбүнө жана терезенин алдына турууга болбойт, анткени үй бузулса, басып калат. Өрт учурунда көчөгө чуркап чыгып, чоңдорду жардамга чакыруу керек».*

## Мындан арычы?

Чоңдор балдарга да башкача көз караш менен карап калышты: алар кырсыктын билинер-билинбес белгиси пайда болгондо эле кичинекейлер кандай коркоорун, тынчсызданаарын билишти. Балдардын акылдуу жана кайраттуу, жоопкерчиликтүү жана кайрымдуу болуп өсүшү үчүн алар менен иштешүү канчалык зарыл экенин түшүнүштү. Бул сапаттар бардык жерде, дайыма, айрыкча кырсык болгон жагдайда абдан керек эмеспи.

*«Жөнү жок жемелей берсек, ата-энелер ажыраша, бала өзүн башкалардар кем сезет да, ата-энеме керегим жок экен деп ойлоп, өзүн-өзү өлтүрүшү да мүмкүн,* - деп ой жүгүртөт Баткендеги тренингге катышкан Гүлбарчын. – *Экстремизм, үй-бүлөдөгү чыр-чатак, зордук-зомбулук – мунун баары социалдык кырсыктар, буларды байкап, алдын алуубуз керек. Табигый кырсыктар да ушундай. Биз эми көңүл кош болбой калдык».*

*«Менин кыздарым 5 жана 6 жашта,* - деп сыймыктанат 39 жаштагы Гүлчахра. – *Мен алардан жер титирөө учурунда башты калкалоо керектигин, имараттардын жана дарактардын түбүндө турууга болбостугун уктум. Алар мени үйрөтүп, чоң энелерин да столдун алдына жашынууга көндүрүп жатышат. Кыздарым эң зарыл буюмдар кайсылар экенин санап беришет: баштык, документтер, тамак-аш, кол чырак, бут кийим, жамынчы. Бул окутуу балдардын тартибин жакшыртты. Эгер мунун баарын билбесек, кырсык болгондо катуу жабыр тартып калабыз.*

Биздин адамдар ынтымакта иштешет, баары эмгекчил, мал багышат. Пияз эккен талааларыбыз көп. Тынч, ынтымактуу жашайбыз.

Бирок сел өтө көп болот. Жакын жерде канал бар. Суу адамдардын буюмдарын агызып кеткенин көргөм, буудай талааларын да каптап кеткен. Июнь айында болгон сел кырсыгы базарды бүт бойдон каптап, баарын тыптыйпыл кылып агызып, таштанды менен ылайга толуп калды.

Көп адамдар муну билбейт, билсе, сактана алмак. Өздөрүнүн эле эмес, башкалардын да өмүрүн куткармак.»

***Долбоордун натыйжалары:***

- Улуттук саясатка өзгөчө кырдаалдарга даярдануу, кооптуулукту азайтуу чаралары, коопсуздук маданиятын жана туруктуулукту бардык деңгээлде камсыздоо милдети киргизилди;
- Өзгөчө кырдаалдарга даярдануу жана кооптуулукту азайтуу программаларын жүзөгө ашыруудагы мамлекеттик органдардын даремети арттырылды;
- Мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин тийиштүү программаларды аткаруу даремети арттырылды, алардын ыктымал кырсыктарга туруштук берүү мүмкүнчүлүгү бекемделди;
- Өлкө ичинде көчкөндөр, өзгөчө кырдаалдардан жабыр тарткандар үчүн таза суунун, санитариянын, гигиенанын жеткиликтүүлүгү камсыздалды, демек, жабыр тарткан калк арасында жугуштуу оорулардын жайылуу коркунучу эң төмөнкү деңгээлге түшүрүлдү.

Албетте, ЮНИСЕФ жетишилген натыйжалар менен гана чектелип калбайт. Бүтүндөй өлкөдө коркунучту азайта турган мындан аркы

иштердин да өзүнчө чоң планы иштелип чыккан.

Келечек үчүн ойлонуштурулган иштердин баарын ырааттуу түрдө жүзөгө ашыра беребиз.

***Алдыдагы аракеттердин планында төмөнкү кадамдар каралган:***

- КРнын жарандарды коргоо боюнча ведомстволор аралык комиссиясынын мүчөлөрүнүн катышуусунда аракеттердин биргелешкен планын иштеп чыгуу;
- Билим берүү мекемелеринин имарат-тарынын коопсуздугун толук баалоо (Өкмөттүн кароосуна алып чыгуу аркылуу);
- Ченемдик-укуктук документтерди киргизүү (педагогдорду даярдоо жана кайра даярдоо боюнча мамлекеттик стандарттар, мектепте билим берүү боюнча мамлекеттик стан-дарттар);
- Окутуучуларды даярдоо менен бирге ар бир деңгээл үчүн усулдук сунуштарды жана куралдарды иштеп чыгуу аркылуу мектепке чейинки мекемелердин, мектептин жана башка окуу жайлардын окуу программа-ларына тиричиликтеги коопсуз иш-аракет негиздерин киргизүү;
- Калкка маалымат берүүгө ылайыктуу практикалык иш-чараларды үзгүлтүксүз жүргүзүү, адамдарга коопсуз жүрүм-турум көндүмдөрүн үйрөтүү;
- Тажрыйбаны республика боюнча жайылтуу.

Кызыгы, тургундардын өзү иштин жыйын-тыгынан ушунчалык таасирленгендиктен, аны өздөрү улантып кетүүгө даяр турушат. *«Мен мугалиммин, менимче, тренинг жана семинарларды өткөрүп, буларды окуу-чуларга да үйрөтүү керек,* – деп кыялданат кыздарынан да бир топ нерсени үйрөнүүгө үлгүргөн Гулчахра. – *Мен бул усулдук колдон-мону окуучуларды окутуп-үйрөтүү үчүн пайда-ланам. Бул темада ата-энелер менен чогулуш өткөрүүнү пландаштырып жатам. Биздин эл жакшы – колдойт. Биз биргеликте коопсуздук меселесин чечүүгө аракеттенебиз».*




© UNICEF / Кыргызстан

… ЮНИСЕФтин кызматкерлеринин жетек-чилигинде балдар кызыгуу менен дем алуу көнүгүүлөрүн кайталашат, сактап калуу сүрөттөрүн тартышып, улуулардын сынаш үчүн берген суро-олору боюнча талашып-тартышышат жана кайсы бурчта жашынуу жакшы экенин эске сакташат. Албетте ушул эле кечте, тамак үстүндө, аларды толкунданткан нерсе жөнүндө ата-энелери, ага-ини, эже-карындаштарына айтышат. Анан майдалан-ган кесектин үстүндө баратып, бул жөн эле тоодон жаан жууп келген ылай эмес, бактыга жараша бул жолу аларга тийбей өткөн апаат экендигин алар түшүнүшөт. Алардын колун бекем кыскан апасына же чоң энесине алар жөн эле минтип айтышат: апа, мүмкүн болуучу кырсыктан сиздерди жана өзүбүздү кантип сактоону биз эми билебиз.



© UNICEF / Кыргызстан

# Билим жана аракет аркылуу сактап калуу

MSDSP KG

*«Эм Эс Ди Эс Пи Кей Джи» коомдук фонду (Ага Хан фондунун демилгеси) Европалык Комиссиянын Гуманитардык жардам жана Жарандык коомду коргоо департаментинин жана Кыргызсандагы Ага Хан фондунун каржылык колдоосу менен 2010-жылдан баштап DIPECHO VI – «Тажикстандын жана Кыргыз Республикасынын алыскы бийик тоолуу райондорундагы табигый кырсыктарга көп дуушар болуучу жамааттарга көмөк көрсөтүү" долбоорун жүзөгө ашырып жатат. Долбоордун жалпы максаты жергиликтүү жамааттарга жана мекемелерге табигый кырсыктарга таасир көрсөтүүгө жана алардын кесепетин азайтууга жакшы даярдык көрүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү стратегияларды колдоо болуп саналат.*

«Эм Эс Ди Эс Пи Кей Джи» коомдук фонду тарабынан 2010-жылдын күзүндө DIPECHO VI долбоорунун алкагында алдын ала жүргүзүлгөн изилдөө Ош облусунун Чоң-Алай районунун жергиликтүү калкы табигый кырсыктарга даярдык көрүү жана кандайча таасир көрсөтүү боюнча өзүлөрүнүн милдеттерин жана ыкмаларын начар биле тургандыктарын көрсөттү. Сурамжылоо жүргүзүлгөн 153 адамдын 67 пайызы табигый кырсык бул тагдырдын жазмышы, ошондуктан ага каршы аракеттенүү жана аман калуу үчүн бир нерсе жасоо мүмкүн эмес деп жооп беришти. Ал эми табигый кырсыктарга даярдык көрүү үчүн жоопкерчилик тууралуу сөз болгондо, респонденттердин 74 пайызы жергиликтүү бийликке жоопкерчиликти артышты жана 2 пайызы гана жергиликтүү калк өзү да өзгөчө кырдаалдарга (ӨК) даяр болуу үчүн жоопкерчиликтүү экендигин моюнга алышты. Бул натыйжалар жер титирөөлөрдүн, жер көчкүлөрдүн жана табияттын кыйраткыч башка кубулуштарынын негизги учурлары болуп туруучу тоолуу аймактардын тургундарынын көпчүлүгү өзүлөрүнүн өмүрлөрүн жана жакындарынын өмүрлөрүн сактоо үчүн зарыл болгон чараларды көрүшпөй тургандыктарынын далили экендигин тастыктайт.

*Чоң-Алай районундагы Же-кенди айыл округунун өзгөчө кырдаал маселелери боюнча адиси Эгемберди Галовдун айт-каны боюнча, «тренингдердин маанилүү үзүрү айылдардын табигый кырсыктар коркунуч туудурган участкалары тү-шүрүлгөн карта-схемасы болуп саналат». «Ал эми эң башкысы ар бир айылда тренингдердин катышуучула-рынан куткаруу командалары түзүлөт, алар теориялык жана практикалык билимдерге ээ болуу менен, өзгөчө кырдаалдар учурунда биздин ишти кыйла жеңилдете алышат.», – деп кошумчалады Эгемберди Галов.*

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрли-гинин (КР ӨКМ) маалыматтары боюнча жыл сайын табигый кырсыктардан жүздөгөн адамдар жапа чегишет жана жылдан жылга бул сандын өсүү тенденциясы байкалууда.

Ошондуктан тоолуу аймактардын тургундарын табигый кырсыктарга таасир көрсөтүүгө жана өзгөчө кырдаалдарга таасир көрсөтүү боюнча зарыл чараларды көрүүгө натыйжалуу даярдоо үчүн Ош облусунун Чоң-Алай районунун айылдарында "Жергиликтүү деңгээлде табигый кырсыктарды комплекстүү башкаруу" боюнча тренингдер өткөрүлгөн. Ал тренингдерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, ӨКМдин райондук бөлүмүнүн башчысы, айыл округдарынын ӨК боюнча адистери, айылдык уюмдардын мүчөлөрү жана айылдардын тургундары катышышты. Алар табигый кырсыктардын потенциалдуу коркунучтарына мониторинг жана талдоо жүргүзүүнү үйрөнүштү, өзгөчө кырдаалдарды жана куткаруу иштерин туурап кайталашты (имитация), турак үй жана башка курулмаларды куруу үчүн жерлерди коопсуз колдонуу боюнча пландоонун карта-схемаларын табигый кырсыктарга көбүрөөк дуушар болуучу жерлерди көрсөтүү менен түзүштү жана табигый кырсык коркунучтарын азайтуу боюнча иш-чаралардын пландарын бирдикте иштеп чыгышты. Тренингдердин жыйынтыгы боюнча коомдук башталышта ар бир айылда өзгөчө кырдаалдарда мобилдүү аракеттенүүчү жана ӨКМ кызматкерлери келгенче тийиштүү чараларды көрө алуучу куткаруу командалары түзүлгөн. ӨКМдин райондук бөлүмүнүн өкүлдөрү долбоордун бардык билим берүү иш-чараларына активдүү катышышты жана мындан ары да табигый кырсыктарга даярдык көрүү жана таасир көрсөтүү үчүн ыктыярдуу куткаруу командаларынын мүчөлөрү менен тыгыз байланышта иштөөнү пландап жатышат.

*«Биз тоолуу райондо жашайбыз, бизде табигый кырсыктар байма-бай болуп турат. Ал эми сен андай учурларда өзүңдү кандай алып жүрүү керек экендигин, эмне кылуу зарыл экендигин билсең – өзүңдү кыйла ишенимдүү сезесиң, – деп ой жүгүртөт Чоң-Алай районундагы Дароот-Коргон айылындагы орто мектептин окуучусу Расул Тажибаев, – Үйрөнүү - машыгууларда биз өзгөчө кырдаалдар учурунда кантип сактап калуунун, куткаруунун көндүмдөрүнө ээ болдук. Адамды сактап калуу – бул ар бир жарандын милдети», – деп сөзүн жыйынтыктады Расул.*

Мектеп окуучуларынын кырсык коркунучун төмөндөтүү (ККТ) боюнча билимдерин талдоо боюнча алдын ала жүргүзүлгөн изилдөөлөргө ылайык алардын 31 пайызы табигый кырсыктар учурунда өздөрүн кандай алып жүрүштү билбей тургандыктарын айтышты, 84 пайызы табигый кырсыктарга даярдык көрүүгө жергиликтүү бийлик жана ӨКМ жоопкерчиликтүү деп ойлошот, мектеп окуучуларынын 4 пайызы гана

мындай жоопкерчилик айылдын ар бир тургунуна таандык деп эсептешет.



© MSDSP KG / Кыргызстан
Табигый кырсык коркунучтары төмөндөтүү боюнча теориялык сабактар.

Мектеп окуучуларын кырсык коркунучун төмөндөтүү ыкмаларына жана табигый кырсыктардын учурундагы жүрүм-турум эрежелерине үйрөтүү максатында Фонд КР ӨКМдин нускоочулары жана КРнын Кызыл Жарым ай коому менен бирдикте Чоң-Алай районунун 17 мектебинде өзгөчө кырдаалга жана кырсык коркунучун төмөндөтүүгө даярдык көрүү, ошондой эле жабыр тарткандарга алгачкы жардам көрсөтүү концепциясы боюнча окутуп-үйрөтүү семинарларын өткөрдү. Ар бир мектепте мектеп парламентинин алдында өзгөчө кырдаалга даярдык көрүү боюнча комитет түзүлдү жана бул түзүм мектепте ККТ боюнча иш-чаралардын туруктуулугун камсыз кылууга өбөлгө болот. Жыйынтыгында 340 окуучу табигый кырсыктарга даярдык көрүүгө боло тургандыгын жана ал үчүн кандай чараларды көрүү зарыл экендигин билип калышты. Чоң-Алай районунун билим берүү бөлүмүнүн башчысы DIPECHO VI долбоору баштаган кырсык коркунучун төмөндөтүү боюнча иштерди улантуунун маанилүүлүгүн баса белгилеген токтом кабыл алды. Мындан ары мектептерде ККТ боюнча класстан тышкаркы сабактарды үлгүлтүксүз жүргүзүү жана өзгөчө кырдаалга таасир көрсөтүү боюнча жылына эки жолу үйрөнүү-машыгуу (учение) өткөрүп туруу пландалууда.

2010-жылы Казакстанда Казакстан Республикасынын Билим берүү министрлигинин, Казакстан Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жана БУУнун (ООН) Балдар фондусунун (ЮНИСЕФ) бирдиктүү ишмердиги менен ДИПЕКО V долбоорунун алкагында орто мектептин окуучулары үчүн орус жана казак тилдериндеги видеоматериал тиркелген «Жер титирөөдө, суу каптоодо, селде жана жер көчкүдө кандайча аракеттенүү керек» деп аталган окуу куралы чыгарылган. «Эм Эс Ди Эс Пи Кей Джи» коомдук фонду DIPECHO VI долбоорунун алкагында бул окуу куралын кыргыз тилине которгон жана Кыргызстандын табигый кырсык коркунучтарын эске алуу менен видеоматериалды ыңгайлаштырган. Бүгүнкү күндө Чоң-Алай районунун 17 мектеби табигый кырсык учурундагы жүрүм-турум эрежелери жана ККТ боюнча эки миң окуу куралын алышты. 2011-жылдын сентябрь айынан Чоң-Алай районунун орто мектептеринин долбоордун алкагында тийиштүү тренингден өткөн мугалимдери ККТ боюнча сабактарды өтө башташат, долбоор тарабынан сунуш кылынган окуу куралдары негизги окуу материалы катары пайдаланылат. Бул окуу куралы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, ошондой эле КР ӨКМ тарабынан Кыргызстандын орто мектептеринде окутуу үчүн сунушталган. Мындан сырткары Билим берүү жана илим министрлиги, ошондой эле КР ӨКМ Кыргызстандын орто мектептеринде окутуу үчүн өзгөчө кырдаалдарга жана кырсык коркунучтарын төмөндөтүүгө даярдык көрүү боюнча мектеп.





© MSDSP KG / Кыргызстан
Теорияны практикада текшерүү: Чоң-Алай районундагы үйрөнүү-машыгуу.

Чоң-Алай районунун ар бир айыл округунда жана мектебинде өткөрүлгөн “табигый кырсыктарга таасир көрсөтүү” боюнча үйрөнүү-машыгуулар калк үчүн, мугалимдер жана мектеп окуучулары үчүн анык текшерүү иш болуп калды. Практикалык үйрөнүү-машыгуу иш-чараларынын планы боюнча ыкчам кабарлоо жүргүзүлдү: Чоң-Алай районунун аймагында болгон табигый кырсык тууралуу айгай кабар (сигнал-тревога) берилди. Жер титирөө, жер көчкү, сел жана башка ӨК имитацияланды. Жергиликтүү калк, мектеп окуучулары жана окутуучулар ӨКМдин Борбордук куткаруучулар отрядынын жана жергиликтүү ыктыярдуу куткаруучулар командаларынын кесипкөй (профессионал) куткаруучуларынын жардамы менен эвакуацияланды жана өзгөчө кырдаалга туура таасир көрсөтүү боюнча бардык зарыл чаралар кабыл алынды. Үйрөнүү-машыгуунун аягында бардык катышуучулар үчүн жыйынтыктоо жыйналышы өткөрүлүп, анда чыгып сүйлөгөндөр табигый кырсыктардын ар кандай көрүнүштөрүнө даяр болгондукту күчөтүүгө көңүл чордонун бурушту, жетишкендиктер, кемчиликтер тууралуу айтышты. КР ӨКМдин куткаруучулары үйрөнүү-машыгуу учурунда кетирилген каталар жөнүндө айтышты жана катышуучуларга кырдаалга туура таасир көрсөтүү боюнча чараларды жакшыртуу боюнча өз сунуштарын беришти.

Башында райондун акими турган райондук администрациянын өкүлдөрү, ӨКМдин райондук бөлүмү, Мамлекеттик өрт өчүрүү кызматы, райондук ички иштер бөлүмү, райондук билим берүү бөлүмү, райондук оорукана, ӨК маселелери боюнча айыл округдарынын адистери, мектептердин мугалимдери жана окуучулары, калктын бир бөлүгү үйрөнүү-машыгуу иштерине абдан жигердүү катышышты. Муну жергиликтүү бийликтин жана калктын ККТге багытталып өткөрүлүп жаткан тренингдердин, үйрөнүү-машыгуулардын жана бардык иш-чаралардын маанилүүлүгүн андаптүшүнгөндүктөрү жана бул демилгелерди райондун айылдарынын жашоо-турмушуна киргизүүнү улантууга даяр экендиктери да тастыктап турат.





© MSDSP KG / Кыргызстан
Ынакбай уулу Келдибек атындагы мектеп, реконструкцияга чейин жана кийин

Фонд тарабынан Кыргыз Сейсмологиялык курулуш илим-изилдөө жана долбоорлоо институту (КыргызНИПСС), “Кыргыз Инженердик изилдөөлөр башкы институту” акционердик коому (КыргызГИИЗ ААК) жана КР ӨКМ менен бирдикте жүргүзүлгөн Чоң-Алай районунун бардык билим берүү мекемелеринин имараттарынын кооптуулугун комплекстүү баалоо мектептердин имараттарынын 59 пайызынын жана бала бакчалардын имараттарынын 64 пайызынын имарат сынчтарын (каркастарын) бекемдөө зарыл экендигин көрсөттү. Изилденген имараттардын жалпы санынын 16 пайызынын техникалык абалы сейсмикалык жактан коркунучтуу жана аймактын жогорку сейсмикалуулугунда адамдардын коопсуздугуна коркунуч туудуруп турат деп мүнөздөлүп, бузууга сунуш кылынды. Буга мисал катары Кызыл-Эшме айылындагы Ынакбай уулу Келдибек атындагы мектепти атоого болот, КыргызНИПССтин кызматкерлеринин баалоосу боюнча мектептин 1–4-класстардын 100дөн ашык окуучусу окуган имаратынын корпусу коопсуз эмес экен. Бул мектеп 1960-жылдарда курулган, ошондон бери анда бир да жолу капиталдык оңдоо жүргүзүлгөн эмес. Айрым кабинеттердин шыбы (потолок) ийилип калган, чатырынан суу кирип, жерпайында (фундамент) бир нече жерден жарака кеткен.

*«Мен бул мектепте биринчи класста окугам, – дейт Кызыл-Эшме айыл округунун башчысы Мамашарип Сайитов, – имаратка оңдоо иштери керек эле. Эгер Чоң-Алай районунда күчтүү жер титирөө болуп калса, мектептин имараты туруштук бере албайт эле. А эгер бул имаратта кенже курактагы балдардын окуй тургандыгын эске алсак,.. Эми бул жерде кыйла коопсуз болуп калды.*

2010-жылдын октябрынан 2011-жылдын февралына чейин Фонд, DIPECHO VI долбоорунун алкагында, Ынакбай уулу Келдибек атындагы мектептин бул имаратынын сынчын (конструкция) бекемдөө жана оңдоо боюнча пилоттук митигациялык долбоорду ишке ашырды. Чоң-Алай айыл округу жана жергиликтүү калк имаратты реконструкциялоого 22% салым кошту. Имараттын үстү кайрадан жабылып, дубалдары жана жерпайы бекемделди. Бүгүнкү күндө оңдолгон мектепте балдар окуп жатат, алар эми эч коопсуз.

Долбоордук иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча кыргыз, орус тилдеринде чыгуучу гезиттерде, интернет-басылмаларда бир катар макалалар жарыяланды жана тематикалык телекөрсөтүүлөр даярдалды. Жарык көргөн макалалар жана телеберүүлөр төмөндөгүдөй жалпы максаттарды аркалаган: табигый кырсыктардын алдын алуу, аларга реакция жасоо, аларга даярдык көрүү көйгөйлөрүн кеңири таанытуу жана чагылдыруу, жергиликтүү деңгээлде өзгөчө кырдаалдарга даярдык көрүү боюнча жүргүзүлүүчү иш-чаралардын коопсуздук маданияты жөнүндө айтып берүү.

«Эм Эс Ди Эс Пи Кей Джи» коомдук фонду ККТ жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу боюнча интеграцияланган мамиленин негизинде өнүктүрүү программаларын жүзөгө ашырат. Фонд ККТ компоненттерин аракеттеги өнүктүрүү боюнча программаларга киргизүүнү жакшыртуу жана ошол аркылуу максаттык жамааттардын жакырчылыгынын жана чабалдыгынын факторлорун азайтуу үчүн 2009-жылдан табигый кырсыктардын коркунучтарын төмөндөтүү боюнча интеграцияланган долбоорлорду жүзөгө ашырууга киришкен.

«Эм Эс Ди Эс Пи Кей Джи» коомдук фонду (Ага Хан фондусунун демилгеси) көп секторлуу программаларды жүзөгө ашыруу жолу менен Ош жана Нарын облусунун алыскы тоолуу райондорунда билим берүү, саламаттык сактоо жана айыл жергесин өнүктүрүү чөйрөлөрүндө иш-чараларды жүргүзүп жатат. Көрсөтүлгөн программалар Ош облусунун Алай, Чоң-Алай жана Кара-Кулжа райондорунун, Нарын облусунун Нарын жана Ат-Башы райондорунун 320 000дөн ашык калкын камтыйт.

Мавлюда Жапарова

# БАЛДАРДЫ ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАРДА КОРГОО БИЗДИН ЖАЛПЫ МИЛДЕТИБИЗ

«Save the Children International» уюму – башкы миссиясы бактылуу жана коопсуз балалыкты камсыз кылуу максатында өз ишмердигин 120 өлкөдө жүзөгө ашырып жаткан балдардын укугу үчүн күрөшкөн эл аралык уюм болуп саналат. Европалык Комиссиянын Гуманитардык коргонуу жана жарандык коргонуу департаментинин табигый кырсыктарга даярдануу боюнча DIPECHO VI программасынын алкагында «Save the Children International» «Кыргызстанда жана Тажикстанда табигый кырсыктардын коркунучун азайтуу боюнча жамааттардын алсыздыгын (аялуулугун) төмөндөтүү жана улуттук потенциалды жогорулатуу» долбоорун ишке ашырууда.



© Save the Children International / Кыргызстан

Баланын укугу конвенциясына ылайык ар кандай өзгөчө кырдаалдарда балдардын ден соолугун жана өмүрүн коргоо эң гумандуу жана эң маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. «Save the Children International» уюму 2010-жылдын май айынан баштап максаты табигый кырсыктарга чара көрүүдө жана башкарууда калктын дараметтүүлүгүн (потенциалын) жогорулатуу болуп саналган табигый кырсыктардын коркунучун азайтуу боюнча ДИПЕКО VI долбоорун иш жүзүнө ашырып жатат. Бул долбоор Тажикстан Республикасында жана Кыргызстанда жүзөгө ашырылууда. Кыргызстанда долбоорго Ош облусунун Ноокат жана Кара-Кулжа райондору жана Баткен облусунун Кадамжай району камтылган. Түштүк Кыргызстандын бул райондору суу каптоо, кургакчылык, кар көчкү, жер көчкү жана жер титирөө сыяктуу ар түрдүү табият кырсыктарына көбүрөөк дуушар болуп турат. Долбоордун негизги максаты жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрүн табигый кырсыктардын коркунучун башкарууга үйрөтүү болуп саналат.

Бул максат коюлган райондордо жергиликтүү жамааттардын 274 өкүлүн камтыган 21 ыктыярдуу-куткаруу командалары (ЫКК) жана ошондой эле 21 мектепте 20–25 окуучудан турган Жаш куткаруучулардын ыктыярдуу командалары (ЖКЫК) түзүлгөн. Бул командаларды түзүүнүн максаты табигый кырсык коркунучтарын башкаруу боюнча жергиликтүү пландарды иштеп чыгуу, табигый кырсык коркунучтары жөнүндө калкка эрте кабарлоо тутумдарын түзүү, жамааттардын деңгээлинде окутуп-үйрөтүү, коркунучту жана чабалдыкты аныктоо, окутуп-үйрөтүү программаларын ишке ашыруу, өзгөчө кырдаалдардын моделдерин түзүү менен окутуп-үйрөтүү машыгуу сабактарын өтүү, ошондой эле калктын маалыматтуулугун жогорулатуу болуп саналат.

DIPECHO VI долбоорунун алкагында Ош облусунун Ноокат жана Кара-Кулжа райондорундагы жана Баткен облусунун Кадамжай районундагы айылдарда чакан, бирок натыйжалуу митигациялык долбоорлорго колдоо көрсөтүлгөн. Митигациялык долбоорлор жергиликтүү жамааттар тарабынан сунуш кылынган жана тандалып алынган жана жер-жерлерде Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өкүлдөрү тарабынан жактырылган. Бардыгы болуп табигый кырсыктардын кесепетин азайтууга багытталган 11 митигациялык долбоор тандалып алынган, анын ичинде төмөнкүлөр: сел жүрүү коркунучу бар өзөндөрдүн жээктерин бекемдөө, көпүрөлөрдү жарым-жартылай калыбына келтирүү, каналдарды механикалык тазалоо, дарак көчөттөрүн отургузуу (токой тилкелерин түзүү), селден коргоочу дамбаларды куруу, коллектордук-дренаждык тутумдарын тазалоо жана куруу иштери бар.

Өзүнүн ишмердигинде «Save the Children International» жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү менен эле эмес, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги менен да түздөн-түз кызматташат. ДИПЕКО VI долбоорунун алкагында аталган министрликтин жетекчилиги менен натыйжалуу жолугушуулар өткөрүлгөн. Тактап айтканда, Ош шаарынын Куткаруу борборунун аскердик бөлүгүнүн командири Кулуев Асан Чойбекович менен бирдиктүү иш-чараларды өткөрүү боюнча жолугушуулар өтүп, аларда «Save the Children International» менен Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ортосундагы кызматташтык маселелери талкууланган. «Save the Children International» 2011-жылдын 10–14-январында «Балдарды өзгөчө кырдаалдардын учурунда коргоо жана табигый кырсык коркунучтарын төмөндөтүү» деген темада тренинг өткөргөн, ага КРнын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин (ӨКМ) Окуу борборунун өкүлдөрү катышкан. ӨКМ өкүлдөрү «Save the Children International» уюмунун тренингдерине эле эмес, ыктыярдуу-куткаруу командалары (ЫКК) жана Жаш куткаруучулардын ыктыярдуу командалары (ЖКЫК) менен бирдикте өткөрүлгөн иш-чараларына да катышкан. Ошондой эле ӨКМдин Ош облустук башкармалыгынын башчысы З. Ж. Жумагазиев Кара-Кулжа районундагы Ынтымак айылында жана Ноокат районундагы Катта-Тал айылында жер титирөө жана сел болгон учурду окшоштуруп кайталоо (имитация) иш-чараларын жүргүзүүгө активдүү катышкан. Балдар менен иштөөдө имитация учурунда алынган маалыматтар өзүнүн майнаптуулугун көрсөттү.

Кара-Кулжа районундагы Исаев атындагы орто мектептин окуучусу Айымгүл Шерболот кызы өзүнүн эссесинде төмөнкүдөй деп жазат: *«Мен Жаш куткаруучулардын ыктыярдуу командасынын мүчөсүмүн. Биз биздин мектепте «Save the Children» уюштурган жер титирөөнү симуляциялоо жүргүзүүгө катыштык. Бул уюмдун аркасы менен биз эми жер титирөө мезгилинде өзүбүздү кандай алып жүрүүнү билебиз. Жер титирөө учурунда бөлмөнүн бурчуна же эшиктин оюгунун алдына туруп туруу керек. Эгер мындай учурда мектепте болсок, анда партанын алдына жашынууга болот же 30 секунддун ичинде имараттын ичинен чыгып кетүү зарыл. Биздин мектепте өткөрүлгөн имитациялар мага абдан жагат. Алар чынында эле биз үчүн пайдалуу»*.

Ош шаарынын Куткаруу борборунун аскердик бөлүгүнүн жетекчиси Кулуевдин айтканына караганда «бул тренингдер менен симуляциялар өзүлөрүнүн натыйжалуулугун көрсөттү, себеби өзгөчө кырдаалдарда балдар калктын эң алсыз жана өтө сезгич катмары болуп саналат, ошондуктан экстремалдык таасирлерден алардын өмүрүн сактап калуунун жана ден соолугун коргоонун атайын тутумун уюштуруу ушунчалык зарыл». Ал ошондой эле балдарды өзгөчө кырдаалдардын учурунда коргоо, ошондой эле табигый кырсык коркунучтарын төмөндөтүү ишмердигин өркүндөтүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп келип, «тренингдин натыйжасы боюнча тийиштүү иш-чаралар иштелип чыгат», – деди. Ошондой эле КР ӨКМдин Борбордук куткаруучулар отрядынын окуу борборунун подполковниги К. К. Баймаков: «Бул тренингдер жана имитациялар өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана алардын кесепетин жоюу боюнча башкаруунун натыйжалуулугун өзгөчө кырдаалдарда балдарды коргоого басым жасоо менен жогорулатуу иштерин жакшыртууга өбөлгө болот», – деп белгиледи. Кулуев менен Баймаковдун демилгеси боюнча бул теманы кошумча сааттар катары Кыргыз Республикасынын кужүрмөн даярдык программасына киргизүү зарылдыгы жөнүндөгү маселе көтөрүлгөн.



© Save the Children International / Кыргызстан

Натыйжада «Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуу аскерлеринин кужүрмөн даярдык» бирдиктүү программасына «Өзгөчө кырдаалдарда балдарды коргоо» деген тема 2 саат менен киргизилди. Бул темада өзгөчө кырдаалдар учурундагы балдардын алсыздыгына (аялуулугуна) жана балдарга жардам берүүнүн өзгөчөлүктөрүнө басым жасалат. Бул сааттардын киргизилиши абдан маанилүүдөй көрүнөт, себеби ал табигый кырсык учурунда балдардын коопсуздугун камсыз кылат. Балдарды өзгөчө кырдаалдардын учурунда коргоо теориялык деңгээлде да, практикалык деңгээлде да «Save the children International» уюмунун гана эмес, ошондой эле КРнын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин да ишмердигинин олуттуу багыты болуп калды.